www.bizdin.kg

Айткеева Айша Бекболотовна

# Үчкүн



www.bizdin.kg

УДК 82/821—93
ББК 83. 8
А 37

А 37 Айткеева А.Б.
Учкун. - Б.: 2005-40 б.

ISBN 9967-23-166-1

Кенже балдар үчүн түрдүү жанрдагы материалдар басылган

Дизайнери *А.Ломовкин*
Техн.редактору *Г.Джатаева*
Компьютердик калыпка салган
*Г.А.Мураталиева*
Корректору *Д.Б.Эстебесова*

Басууга 21.07.2005 кол коюлду.
Форматы 60х84/16. Көлөмү 2,5 физ.б.т.
Нускасы 200 экз. Заказ № 1255.

---

«Учкун» ААК басмаканасында терилди
жана басылды.
720031, Бишкек, С.Ибраимов көч., 24.

А 4803300100-05
ISBN 9967-23-166-1

УДК 82/821—93
ББК 83. 8

© Айткеева А.Б., 2005

www.bizdin.kg

# АВТОРДОН

*Мында балдарга арналып чыгарылган журнал, газеттерге басылган ар түрдүү жанрдагы материалымдын жыйнагы (журнал, гезиттердин аттары көрсөтүлдү) жана адабият сабагындагы баяндамалардан да киргизилди.*

*Китеп кенже балдар үчүн жазылды.*

*Бул алгачкы китебимдин чыгышына түрткү берген "Кулунчак" журналына, "Заман Кыргызстан" эл аралык газетасына жана алардын баш редактору урматтуу Мустафа Башкурт агайга, "Кулунчак" журналынын шеф редактору ардактуу Бактыгүл Чыныбаева эжеге, ошондой эле кыргыз калкынын сүйүктүү төл газетасы "Кыргыз Туусуна", анын баш редакторунун орун басары, газеттеги "Жанбалам" бетин даярдаган урматтуу Догдурбек Юсупов агайга — бардык аты аталгандарга жүрөктөн чыккан зор ыраазычылыгымды билдирем!*

www.bizdin.kg

# КЫРГЫЗ ТИЛИМ - ЫЙЫК КЕНЧ

"Кагылайын эне тилим сайрасын
Кандай ыйык түгөнбөгөн дайрасың!" – деп кыргыз элинин улуу акыны Аалы Токомбаев айткандай мен үчүн кыргыз тили - ыйык кенч.

Эне тилин толук билүү өзүнүн мамлекетинин, улутунун бардык баалуулугун билүүгө мүмкүнчүлүк берет. Башкача айтканда, тил – бул өз ара байланыштын маанилүү каражаты болуу менен бирге, тил - конкреттүү элдин тарыхын, этнографиясын, үрп-адатын, маданиятын экономикалык жана социалдык өнүгүү өзгөчөлүгүн билдирүүчү курал. Ошондуктан өз улутумдун тилин жакшы үйрөнбөй туруп, мен кыргызмын деп айтыш уят деп ойлоймн. А, кыргыздар "Уят - өлүмдөн катуу", - деп айтышат.

www.bizdin.kg

Ооба, кыргыз болуп туруп, кыргыз тилин үйрөнөм деп жүргөнүмө өзүм дагы ыңгайсызданам. Айла канча!

Жаңы эле тил чыга баштагандан бала-бакчаларда тарбияланып, анан орусча мектепте, Москва, Ленинград шаарларындагы университеттерден окуп келишип, иште да, үйдө да орусча сүйлөгөн ата-энеден туулуп, ошолордун жолун мен да басып баратам. Ошондуктан мен өзүм кыргыз тилин жакшы үйрөнүүнү чечип, көп аракеттерди жасап жүрөм.

Мугалимибиздин берген сабагын көңүл коюп угам, үйгө берген тапшырмаларын дайым аткарып келем.


Сабактан тышкары убактым болгондо кыргызча китеп окуйм, сүйлөшөм, ырларды жаттайм, аларды айтып берем, газет, журналдарга ар түрдүү жанрда материалдар жазам. Алардын бир нечеси басылып чыкты.

Кыргыз тилинен башка орусча, англисче, французча, ж.б. чет тилдерди билүү да чоң байлык. Азыр англис тилин билүүгө аракеттенүүдөмүн.



2-1255

www.bizdin.kg



*Аңгеме дүкөн*

## АКЫЛДУУ КУЛУНДАР

Таенемдин атасы кымызды өтө жакшы көргөндүктөн, 2-3 бээни дайыма байлап, кымыз жасашчу экен. Анын кулундарын желеге байлап, энелерин башка жакка оттогонго айдашчу. Ошол учурда кулундар ачка болуп калат деп, таенем кичине кезинде аларга боору ооруп, улам бирден жетелеп барып, откоруп турчу экен. Оттоп келген кулун тынч ордуна жатып, кезектеги кулун: "Мени да откоз" - дегенсип, буту менен

www.bizdin.kg

жер чапчып, кишенеп жибере турган. Кээде кулунду желеден чечип алганча бутту тебелеп алган учурлары болуптур. Алар ачка болгондо, таенемди карап алып, кишенечү экен. Таенем ат мингенди абдан жакшы көрчү. Аттан көп жолу жыгылган. Бирок, аттар ал туруп, эс-учун жыйганча тегеренип күтүп турчу экен. Мунун баарысы таенемдин кичине кезинен эле жылкы жаныбарларга жакын болгонуна байланыштуу. Анда эмесе, достор, биз да жылкыны барктайлы.

**"Кулунчак" 2004-жыл.**



## КАМБАРАТАНЫН АСЫЛ КАСИЕТТЕРИ

Жылкынын акылдуу жактары абдан көп. Андайларды касиеттүү камбарата деп коюшат.

Алсак, жылкынын кулуну кандайдыр бир себептер менен өлүп калса, энеси көзүнүн жашын көлдөтүп

www.bizdin.kg

ыйлаганын көргөндө, мен да ыйлачумун, - дейт таенем.

Бир жолу таенемдин атасы түн ичинде жылкы кайтарганы кеткенден бир нече убакыттан кийин, минип жүргөн аты үйгө жетип келип кишенеп, жер чапчылаган экен. Үйдөгүлөр жылкы жайылган жакка барышса, ата үргүлөп калган учурда капысынан жылкыларга карышкыр тийгенде, аты үрккөндүктөн жыгылып буту, колу сынып, эси ооп калыптыр.

Анткени ата алтымыштан жогорку жаштагы адам эле. Бул учур Ата Мекендик согуш мезгили болгондуктан бардык эркектер согушка аттанышкан. Ал жылкынын сырын билгендигине байланыштуу карыса да колхоздун жылкысын багууга жиберилген.

Ушул жерден эскере кетчү окуя жогорку "Акылдуу кулундар" деген аңгемемде таенем аттан жыгылганда, ат кетпей тегеренип жүрө берген эле.

А, мында болсо, ата катуу жыгылып кыймылсыз калганын, карышкырдын жылкыларды кубалап кеткенин ат

www.bizdin.kg

түшүнүп, кабарлаган сыяктуу, үйгө чуркап келгени таң калаарлык акылмандык!

Үрккөн жылкылардын аркасынан карышкыр жеткенде, үйүрдөгү эки айгыр бээлерин, тай-кулундарын коргоп, карышкырды тепкилешкенде, анын бир буту сынып, каңшылаган бойдон качып жоголгонун жыгылган ата сезиптир. Байкуш жылкылар толугу менен тирүү калышкан экен.

Мындай акылман камбараталардын касиетин эске алып, аларды түрдүү спорттук мелдештерге катышууга машыктырышат.

## ЖЕҢИШ КҮНҮ

9-Май 1945-жылдан бери биздин өлкөбүздө жеңиш күнү болгондуктан, анын 60 жылдык юбилейин майрамдадык.

Биз кийинки муундар китептен, кинодон, телекөрсөтүүлөрдөн улам билебиз.

Бүткүл дүйнөнү басып алуу, анын байлыктарын пайдаланууну, элдерин кулдукка айландырууну максат койгон

www.bizdin.kg

адилетсиз согушту 1941-жылы 22-июнда баштаган. Германиянын фашисттик жетекчиси – Гитлер болгон. Ал согушту биздин мамлекеттен – СССРдин баштаган. Элибиз Ата Мекенди коргоп калуу үчүн жалпы аракеттенишкен. Он алты жаштан алтымыш жашка чейинки эркектер согуш майданына жөнөшүп, аялдар, балдар, окуучулар, бүткүл карылар тылда согушка керектүү курал-жарактарды, кийим, тамак-аштарды даярдап тез арада жиберип турушуптур. Ошентип жеңишти камсыз кылышыптыр.

Туруксуздук, чыдамдуулук менен жан аябастан Ата Мекенди коргогон миллиондогон азаматтарыбыз Баатырдык наамга татып, мамлекеттин орден, медалдарына ээ болушкан. Алардын эрдиктери тарыхыбызга жазылган. Ал дайыма баарыбызды кубандырат. Бизди патриоттуулукка, ар-намыстуулукка, өз мекенибиз, элибиз үчүн иштөөгө шыктандырат.

Бирок согуш учурунда элибиз укмуштуудай оор турмушту баштарынан

www.bizdin.kg

өткөргөндүгүн азыр телевидениеден көрүп, угуп, асмандан самолет аркылуу бомба таштап, жерден танка жана жөө чуркашып ок атып жатып, миллиондогон адамдар кырылуу менен кан суудай аккан. Шаар-кыштактар, завод-фабрикалар, электр станциялар, көпүрө, жолдор кыйраганын, туткунда калып душмандан мыкаачылык мамилелерди көргөндүгүн, тирүүлөй адамдардын, анын ичинде балдардын өрттөлгөнүн көрүп аябай кайгыруу сезиминде болдум.

Эч качан согуш болбосун! – деп бүткүл үнүмдүн жетишинче кыйкырсам, анын жаңырыгынан азыркы дүйнөнүн айрым мамлекеттеринде жүрүп жаткан согуштар токтоп калаар беле!? -деген ойго чөмүлүүдөмүн.

## БАЛЫКЧЫ ЖАНА БАЛДАР

Асманда жаркылдаган күн жер-сууну жылытып калган мезгил эле. Эки бала көлгө түшүүгө барып калышты. Көлдүн жээгиндеги чоң таштын үстүндө эрте келип балык кармап отурган адамды көрүшүп, ага салам айтып бир топко карап турушту.

www.bizdin.kg

Балыкчы алардан сурады:

- Силер да балык кармаганы келдиңерди?

- Жоок, биз сууга түшкөнү келдик.

- Анда түшө бергиле деди.

Ошондо бир бала сууга секирип киргенде балыкчы: - мен жакка келаткан балыкты чочутасыңар, ары барып түшкүлө! – деп кыйкырды.

Экинчи бала жүрү ылдый жакка барып түшөбүз – деп, чуркап кетишти.

Алар көпкө чейин сууда сүзүп жүрүп, балыкчынын жанында калган кийимдерин кийишип аны дагы карап турушту. Ал көп балык кармаптыр. Балдарга эки кичине балыкты берди. Алар өтө кубануу менен ыракматын айтып үйлөрүнө чуркап жөнөштү. Кетип бара жатышып экөө балыкчы жакшы киши экен ээ! Эми келгенде биз үйдөн тамак алып келсек, ага беришебиз – деп акылдашты да, ар бири өз үйлөрүнө киришти.

www.bizdin.kg



# ЧОҢ АТАМ КЫТАЙДЫН АРМИЯСЫНЫН КАПИТАНЫ

Чоң атам – Бейшендин атасы 1900-жылдары ат минип тоо ашуу аркылуу кытайлыктар менен соода-сатык ишинде жүрүп, акыры андагы Текес шаарына көчүп барып, жашап калышат.

1926-жылы чоң атам төрөлүп, ал чоңойгондо 1945-жылы 15-мартта Кытайдын Элдик Боштондук армиясына барып, граждандык согушка катышуу менен орден, медалдарга татыктуу болот да, капитандык наам алган экен.

www.bizdin.kg

Согуш 1949-жылы бүтсө дагы, андан талкалангандарды кайра калыбына келтирүүгө жөнөтүлөт. Ошол учурда чоң атам Хайча деген казак кызына үйлөнөт. Менин атам Бекболот да Кытайда төрөлүптүр.

Чоң атам өз ата мекенинде жашоону эңсеп, 1962-жылы армиядан бошоноор замат Кыргызстанга көчүп келишиптир. Ал азыр деле Кытайдагы туугандарына барып-келип турат. Кытайдагылар бизге да келип жатышат.

Бул жерден төрөлгөн чоң атамдын баласы – Нурболот байкем атасынын ишин улап, Ленинграддагы Военный институттан окуп иштеп жүрүп, жакында Турциялык военный академияны бүтүп келип, полковник наамы менен биздин Куралдуу күчтөр министрлигинде иштейт.

Мен чоң атамдан Кытай акылмандарынын сөздөрүнөн айтып берүүсүн сурансам. Ал бир азга ойлонуп калып...
- эмесе, Кытай акылманынын кандай киши бактылуу болот? – деген суроого берген жообун айтып берейин – деди.

www.bizdin.kg

«Эң оболу өзүңдү баалай билишиң керек.

Башкача айтканда, өзүң кандай болууну кааласаң, ойлосоң, ошондой жакшы бактылуу болууга аракетти тынымсыз жасап эмгектенүү сөзсүз. Тырышып эмгек кылбаган адамга бакыт келбейт. Аны өзүң гана эмгек менен жасап аласың. Ал үчүн өзүңө максат коюп, жылга, айга, күнгө эмне ишти бүтүрүүгө керектигин пландап жазып алып, анын аткарылышын өзүңөн өзүң отчет алып турушуң зарыл. Максат оор мезгилден өткөрөт. Бактылуулукка жеткирет.

Өзүңдүн абалыңа ыраазы болуп, башкаларга суктанбай жакшылыкты гана күтүү керек. Ар бир кишиге мээримдүүлүктү аяба, аларга эмне керек болсо, берүүдөн тартынба, кубандыра бил. Алардан да кубаныч, бактылуулук аласың. Жалгыз адам бактысыз. Ар дайым кыймылда, жайдары жүрүп, жакшы тамактанып, эркин жашоого аракеттен.

www.bizdin.kg

Каталык, жол болбостук - жашоонун сабагы. Аларды акылмандык менен оңдоого туруктуу болуу да бактылуулукту алып келет»" - деп айтыптыр.

## АПЕНДИНИН БАЛАСЫ БАРБЫ?

Базарга кимдер гана барбайт. Баары барат: Бири соода кылса, экинчиси өздөрүнө керектүүлөрдү издешет. Керектүүлөрүн таап, же таппай тез эле кетишет. Мына ошолордун ичинде 10-12 жаш чамасындагы бала базарга күнүгө эртең менен келип, кечке элдин жасагандарын карап, сүйлөгөндөрүн угуп жүргөнү-жүргөн. Анын жүрүшүн байкаган да, байкабаган да бар. Ар ким өз иши менен алек.

Күндөрдүн биринде баланын эмне үчүн ошентип жүргөнүн көптөн бери байкаган соодагер ага суроо салды. Ал укмаксан болуп баса берди.

Соодагер көп күндөн кийин баягы баланы дагы көрүп, кармай калды да: - Сен эмне күнүгө базар ичинде эле

www.bizdin.kg

жүрөсүң? Окууга эмне барбайсың? – деп сурап калды.

*Бала:* - Мен окуп жүрөм деди.

Соодагер: - Окубай эле күнүгө базар кыдырып жүрбөйсүңбү? Эмне сен калп айтасың, окуп жүрөм деп, - деди.

*Бала:* - Мен калп айткан жокмун.

*Соодагер:* - Кайсы мектептен окуйсуң?

*Бала:* - Ушул мектептен.

*Соодагер:* - Кайсы, ушул мектептен?

*Бала:* -Ушул.

*Соодагер:* - Аябай ачуусу келип, - Сен кандай акмаксың, чоң эле кишиге оң жооп бербей кайсалаңдайсың?

*Бала:* - Мен акмак эмесмин.

*Соодагер:* - Акмак болбосоң суроого жооп берет элең го. Сен кимдин баласысың?

*Бала:* - Мен апендинин баласымын.

*Соодагер:* - таң калып, - Апендинин баласы жок эмес беле?

*Бала:* - Менмин атамдын баласы.

*Соодагер:* - Мына кызык, ошол атаң окууга барып келдим деп калп айтып, кечке базарда жүргөн турбайсыңбы?

www.bizdin.kg

*Бала:* - Сиз калп айтып жатасыз. Мен ушул жерден окуйм, он чакты мугалимден эмес, бүткүл элден окуйм, - дептир.

## МЕКТЕПТЕН ЧЫККАНДА

### *Интермедия*

Күндөрдүн биринде окуубуз бүтүп, мектептен чыкканда жакынкы аялдамада бир тобубуз машина күтүп туруп калдык.

Толугураак келген бир окуучу, кичирээк классташынан сурап калды:

- Сен үйгө келээриң менен кандай ишти жасайсың?

*Кичирээк:* – Бүгүнкү сабактардан кандай тапшырма бергенин карап, унута электе аларды аткарам.

*Чоңураак:* - А, тамак ичпейсиңби?

*Кичирээк:* - Тапшырмаларды аткаргандан кийин ичем.

*Чоңураак:* - Ачка болбойсуңбу?

*Кичирээк:* - Эртең менен тамак жүрөгүмө барбайт. Ошондуктан эс алуу

www.bizdin.kg

учурунда анча-мынча шам-шум этип алууга апам акча берет.

*Чоңураак:* Эртең менен тыгынып эле жеп-ичип алам. Анык түгөт сен турбайсыңбы, күнүгө акча короткон!

*Балдар:* - (каткырып калышты).

*Кичирээк:* - (өзүн ыңгайсыз сезди).

*Чоңураак:* - А мен болсо келээр менен портфелди ыргытып, ашканада алма болсо, карс-курс чайнап тамак жылыганча бир-экөөнү жеп жиберем да, тамакты кулкулдатып ичип ием. (Тишин карсылдатып, оозун чоң-чоң ачып, тилин кайра-кайра чыгарып, башын койколондото берди).

*Балдар:* - (катуу каткырышты).

*Кичирээк:* - этика сабагын окубадык беле, кебетеңди бузганың адепсиздик.

*Чоңураак:* - Мектептен башка жерде турганыбызды билбейсиңби? (колу менен тап берет.).

*Кичирээк:* - (ыңгайсызданып) этиканы бардык жерде сактоо керек! Аңгыча автобус келип, балдар кетишти. Мен өзүмчө алар жөнүндө ойлонуп турсам, биздин автобус да келди. Балдардын

www.bizdin.kg

жоруктарынан интермедия жазып койдум.

Эмесе балдар, бардык жерде этиканы сактоону унутпайлы.

## ЖАШЫНБАКТЫ ЧЕБЕРДЕП ОЙНОГУЛА!

Жашынбак байыркы замандан бери эскирбей, өз маанисин жоготпой келе жаткан кенже балдардын оюну. Балдар жашынбак оюнун үйдө, тышта, токойдо, тоодо ж.б. оңтойлуу жерлерде ойной беришет.

Бул оюндан балдар эң чоң канагат алышат. Аябай каткыра күлүшөт. Кээде чоңураактары ар кандай нерселерди биринен бири утуп да алышат.

Оюн мезгилинде жашынчу жер табууга амалданышса, шайдоот-шамдагай болуу менен денсоолуктарын чыңдашат.

Бирок алар оюнга кызып калганда, ар кандай оңтойсуз жерлерге барып, коркунучтуу болсо да, калтырап тура беришет. Мындай учурда бирөөлөргө зыяндуу иштерди, же өздөрүнө оор

www.bizdin.kg

кыйынчылыктарды жасап алышы мүмкүн.

Күндөрдүн биринде бөбөгүм экөөбүз жашынбак ойноп жүрүп, бөбөгүм терезенин полкасына чыгып, парданын ары жагына жашынам деп, терезени сындырып, аз жерден үчүнчү этаждан короого түшүп кете жаздаган. Аны уккан таятам өзү кичинесинде балдар менен түн ичинде жашынбак ойноп жүрүп, кошуна аялды капысынан коркутуп алганда, аял мүдүрүлүп жыгылып, колун сындырып алган. Андан чоң чатак чыгып, көп чыгым менен атасы араң куткарганын айткан.

Жакында эле балдар ойноочу аянтка жанаша жерде электр станциясынын кичинекей будкасына бир бала кирип жашынам деп электр тогуна тартылып калыптыр. Ушу сыяктуу фактылар өтө көп.

Ошондуктан бардык балдарды үйдө да, тышта да коркунучтуу жерде жашынбак ойнобогонго, шашылып ар кандай нерсеге урунбоого, дегеле кандай оюн болсо да чебердеп ойноого чакырам!

www.bizdin.kg

# МЫНА МИНТИП!

Сөзү, обону Абдылас Малдыбаевдики







Биз ойнойбуз жол салып,
Колго күрөк, балка алып.
*Мына минтип, мына минтип,*
*Мына минтип, мына минтип,*

Тоголото топ тептик,
Топ качса да биз жеттик.
*Мына минтип, мына минтип,*
*Мына минтип, мына минтип,*

www.bizdin.kg

"Мышык-чычкан" ойнойбуз,
Мышык жолун торойбуз.
*Мына минтип, мына минтип,*
*Мына минтип, мына минтип.*



Аргымакты минебиз,
Ар ишке дем беребиз.
*Мына минтип, мына минтип,*
*Мына минтип, мына минтип*

www.bizdin.kg



Элибиздин атактуу композитору, ырчысы Абдылас Малдыбаевдин жогорудагы "Мына минтип" деген ыры мага абдан жагат. Бул ырды кичинесинде таенем да жакшы көрүп ар дайым ырдаптыр. Кийин балдарына да үйрөтүптүр. Алар ырдап, бийлеп үйдө концерт көрсө-түшчү экен.

Апам мага да кичинемде үйрөткөн. Мен жалгыз эле ырдап, бийлеп үйбүлөгө концерт көрсөтчүмүн. Музыка мектебинен окуганда аны пианино менен ырдачумун. Эми урматтуу А.Малдыбаевди туурап, сындоо катарында эмес, жакшы көргөндүктөн азыркы техниканын өсүшүнө байланыштуу ага төмөндөгүдөй пародия жазып койдум:

www.bizdin.kg

# МЫНА МИНТИП

Компьютерде ойнойбуз,
Душман жолун торойбуз.
Мына минтип, мына минтип,
Мына минтип, мына минтип.

Асмандата топ урдук,
Торго салып биз турдук.
Мына минтип, мына минтип,
Мына минтип, мына минтип.

Чыгырыктап бут аяк,
Тептик жолдон жылгаяк.
Мына минтип, мына минтип,
Мына минтип, мына минтип.

Велосипед минебиз,
Көп жүк ташып беребиз.
Мына минтип,
мына минтип,
Мына минтип,
мына минтип.



"Кыргыз Туусу"
2004-жыл.

www.bizdin.kg

## *КУТТУКТОО ЫРЛАР*

# "КЫРГЫЗ ТУУСУНА"




Ардакталган тун газета,
Келген экен сексен жашка.
Куттук айтып майрамыңда,
Гүл сунамын кубанычта!

"Жанбалам" деп аталган,
Бет арнадың балдарга.
Кызыгып дайым окуймун,
Курсант болуп жазганга.

Асылдар жасап алдейлеп,
Атыңды сенин кубанткан.
Арыштай бер адилет,
Артта калбай турмуштан.

Элиндин сөзү жана үнү болуп,
Жериндин жүзү жана гүлү болуп.
Өмүр сүргүн "Кыргыз Туусу",
Миң-миллион жашка толуп.

**"Кыргыз Туусу"**
**"Кулунчак"**
**2004-жыл.**

www.bizdin.kg

# “КУЛУНЧАК” ЖУРНАЛЫНЫН БИР ЖЫЛДЫГЫНА!




Журналчылык
жылдыгыңды
куттуктайм!
Узакка жашооңду
сунуштайм!
Чыгармамды басып турдуң,
Сени эч качан унутпайм!

Өлкөдөгү улуттардын
арасында,
Кыштак жана калаасында.
Түбөлүк достук тараттың,
Бардык элдин баласына.


Ширесин татып окуганда,
Түрдүү жанр тармагына.
Кубанамын ар дайым,
“Кулунчактын” жазганына.

www.bizdin.kg

# 12 ЛЕТ ГК № 70

У нашей школы – юбилей,
Мы рады очень все.
Встречать готовимся гостей,
Мы – наш дружный 2 – Е.

В подарок мы тебе готовим,
Пятерок – океан!
А подрастем еще немного,
Подарим "евро-чемодан"!



**Айткеева Айша, 2 Е-1.**

**Апрель 2001, "Фантазер", журнал гимназии № 70.**

www.bizdin.kg

# ХАН ВИТАМИН

## *Жомок*

Илгери-илгери Витамин аттуу ханы бар Денсоолук өлкөсү болуптур. Витамин элине ооругандан алыс болууга шаттыкта, биримдикте жашоого дайым шарт түзчү экен.

Бул өлкөнүн эли таза жана эмгекчил келип, өлкөсүн эң жогорку тартиптүү жана бай даражага жеткиришиптир. Бирок, коңшу Микроб деген өлкөнүн ханы Туберкулез Денсоолуктун элинин жакшы жашаганына суктанып, жыл сайын вирустарын жиберүү менен грипп оорусун тарата баштайт.

Бул мезгилде Витаминдин Анара, Алча, Чие деген кыздарынын кичүүсү Чие да катуу ооруп калат. Хан Витамин өлкөсүнө мындай оорунун келиши-

www.bizdin.kg

не өзүнчө өтө кайгырат. Аны байкаган улуу кызы Анара өтө акылдуу болгондуктан, атасына кеңеш берет: - "Ата сиз кайгырбаңыз. Тез арада Туберкулезго анын мындай террорчулугун токтотушу керектигин көрсөткөн билдирүү жибериңиз, калган ишти анын жообу келгенде жасоого болот", - дейт Хан кызынын акылдуу кеңешине макул болот да, аны аткарат.

Микроб өлкөсүнөн: "Биз эмнени каалачак, ошону жасайбыз. Ички ишибизге кийлигишпегиле! хан Туберкулез" - деген жооп келет. Ошондо хан Витамин тажрыйбалуу чалгынчыларды жиберет, көрсө, Туберкулез Денсолук өлкөсүнөн алыс эмес бийик дөңдүн аркы жагында миңдеген аскерлерин машыктырып кийинки жуманын башында Денсоолук өлкөсүн өзүнө караткалы жатканын билип келишет.

Витамин Кымыз, Казы, Фармацевт деген палководецтерин чакырып душмандын мыкаачылык аракетин түшүндүрүп, палководецтердин тез согуштук абалга келүү менен аскерлерин

www.bizdin.kg

даярдап, Микробдун армиясынын кол салар күнүнөн мурункү күнү алардын эс алып жаткан учурунда, курчап, талколоону Приказ кылган.

Натыйжада хан Витамин, өзү баштап полководецтери, армиялары Туберкулезду аскерлери менен толук талкалашат да, Денсоолук өлкөсү тынчтыкта оорудан коркунучсуз шаттыкта жшап калыптыр. Кичинекей Чие да айыгып, жаңы чыккан тили менен:

Мен айыктым – айыктым!
Бүткүл денем чың болуп.
Сууда сүзгөн балыкмын!
Ля-ля-лай, -ля-ля-лай! – деп ырдап жүрөт экен.

www.bizdin.kg

# УЧУУЧУ АППАРАТ

## *Фантастика*

Айыл четиндеги бак-дарактардын арасында 4 окуучу ойноп жүргөн эле. Аларга жакын жерге башка планетадан келген учуучу аппарат келип конду. Балдар анын кооздугуна таң калып, ары жак, бери жагына өтүп караштты. Аппараттан укмуштуудай башкача эки жандык чыга келди. Балдар коркуп качып жөнөштү. Бирок, алардын бирөөсүн тиги жандыктар кармашып, аппаратка алып кетип калышты. Бала тыбырчылап ыйласа, ага шокалад сыяктуу таттуу нерсе карматышты. Бала аябай коркуп, эс учун жоготуп калды.

Бир кезде көзүн ачса качып кеткен балдардын ортосунда жатыптыр. Көрсө, башка планеталыктарга деле коркпогон, эр жүрөк, акылдуу балдар керек тура. Балдар коркок курбусу менен үйлөрүнө кайтышты.

**"Кулунчак", "ZAMAN" – 17-июнь, 2005-жыл.**

www.bizdin.kg

# КӨПҮРӨ

## *Апыртмалар*

Күн өтө ысыганда мурунку куурап калган, же болоор болбос суу аккан сайларда капысынан эле чоң дарыялар пайда боло калат.

Күндөрдүн бириндe заматта күркүрөп агып калган чоң суунун көпүрөсүндөгү калканчы темир торду кырдап бараткан эки бала агып кетет. Аны көргөндөрдүн баары чуркап таяк сунуп, аркан ыргытып жана башка мүмкүн болгон аракеттерди жасап кармай алышпады. Буркан-шаркан аккан суудан балдар бирде көрүнсө, бирде көрүнбөй тез эле алыска кетти. Чарчаган эл отуруп калышат. Соткасы бар бир жигит адистерди чакырып издетсе, аларды таппай коюшту.

Эртеси күнү ал балдар мектепке баратканын кошуналары көрүптүр!

www.bizdin.kg

## КИТЕБИМ

Мен мектепке барууга шашып жатып, "Математика" китебимди папкама салууну унутуп калыптырмын. Аны жолдон эстеп, өкүнүү менен класска кирсем, мен отурган партада китебим менден мурун келип калыптыр.

## АТ

Күндөрдүн биринде катуу жаандын алдында мектептен үйгө кетүүгө автобус күтүп турсак, менин жаныма бир ат келип: "Жүрү, мага минип ал, үйүңө жеткирейин", - дейт. Таңданып аны көпкө карап турсам, автобус келип калды. Шашкалактап автобуска түшүп, баягы атты карасам көздөн кайым болуптур, укмуш.

**"Кыргыз Туусу". 2004-жыл.**

## ТУУРАСЫН ТАПКЫЛА!

Токойдо гүл өсөт. Гүлдүн жанында жоолук шыркырайт. Токойдун үстүндө күн жатат. Токойдун жанында суу шаркырап агып жатат.

www.bizdin.kg

Токойдо гүл жатат. Гүлдүн жанында жоолук жаркырап турат. Токойдун үстүндө күн өсөт. Токойдун жанында суу шаркырайт.

Токойдо гүл тийип турат. Гүлдүн жанында жоолук жатат. Токойдун үстүндө күн жаркырайт. Токойдун жанында суу өсөт.

Токойдо гүл шыркырайт. Гүлдүн жанында жоолук өсөт. Токойдун үстүндө күн тийип турат. Токойдун жанында суу жатат.

**"Zaman". 2005-жыл.**

## КЕҢЕШ БЕРГИЛЕ

Тогузунчу кабатта жашаган кошунамдын бир бөлмөлүү квартирасы бар. Анда атасы, апасы жана 3 уулу жашайт. Жакында алардын ашканасы менен бириккен балконундагы чоң бөлмөгө суу толтуруп, анда каз, өрдөк бага башташты. Ошол эле мезгилде алар турган үйгө жакын эле жерде чакан көл пайда болуп, үстүндө гүлдөр калкый баштады.

www.bizdin.kg

Кошунабыздын балдары балконго уктап, сабактарын да балкондо окушчу. Бирок, азыр балкондун эшигин ачууга болбойт. Эгер ачса суу үйдү каптайт. Бардык үйлөр сууга толот. Достор, зыянсыз балконду кантип калыбына келтирүүгө болот?

**“Кулунчак” 2005-жыл.**

# КРОССВОРД

## *Адамдын эң жакшы жактары*


| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Э | | | | | | | |
| 2 | Б | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | Н | |
| 4 | А | | | | | | | |
| 5 | | | | | | Р | | |
| 6 | | | | | | | | Й |
| 7 | И | | | | | | | |
| 8 | К | | | | | | | |
| 9 | | | | | | Р | | |
| 10 | | | | | | Н | | |



www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

# КРОССВОРД





Туурасынан:

1. Американын дарыясы
2. Биздин мамлекеттин аты
5. Кыргызстандын дарыясы
7. "Аталар жана балдар" деген чыгарманын автору


Тикесинен:


1. Кыргызстандын борборунун биринчи аты
2. Кыргызстандагы шаары
3. Евразиянын жанындагы вулкан
6. Кыргызстандын дарыясы


www.bizdin.kg




## Сүрөттөр дүйнөсүндө





Бул сүрөттөрдүн
автору Айша менен
Медер аттуу
эки бир тууган
Айткеевдер.

"Zaман Кыргызстан" 2004-жыл.

www.bizdin.kg

# МАЗМУНУ


Автордон........................................ 3
Кыргыз тилим – ыйык кенч........................ 4
Акылдуу кулундар................................ 6
Камбаратанын асыл касиеттери. .................. 7
Жеңиш күнү...................................... 9
Балыкчы жана балдар............................. 11
Чоң атам Кытайдын армиясынын капитаны.. 13
Апендинин баласы барбы?......................... 16
Мектептен чыкканда. Интермедия.................. 18
Жашынбакты чебердеп ойногула.....................20
Мына минтип. Ыр. А.Малдыбаев.................... 22
Мына минтип. Пародия............................ 25
"Кыргыз Туусуна" Ыр. Куттуктоо.................. 26
"Кулунчак" журналынын бир жылдыгына..... 27
15 лет ГК № 70. Ыр.............................. 28
Хан Витамин. Жомок.............................. 29
Учуучу аппарат. Фантастика...................... 32
Көпүрө. Апыртма................................. 33
Китебим......................................... 34
Ат.............................................. 34
Туурасын тапкыла. Табышмак...................... 34
Кеңеш бергиле. Табышмак......................... 35
Кроссворддор.................................... 37
Сүрөттөр........................................ 39

www.bizdin.kg